**12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алууга сунуш кылынган “Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики” (Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери) аттуу темадагы Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын диссертациясы боюнча** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д. 12.23.669 диссертациялык кеңештин эксперти юридика илимдеринин доктору, доцент Джумагулов Айдар Муратовичтин

## КОРУТУНДУСУ

Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй корутундуга келдик:

1. **Диссертациялык кеңеш коргоого диссертацияларды кабыл алууга укуктуу болгон адисттикке иштин (изилдөөнүн) дал келүүсү.**

“Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики” (Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери) аттуу темадагы юридикалык илимдин кандидаты даражасын изденүүго сунушталган Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын диссертациясы Д 12.23.669 диссертациялык кеңештин адистигине дал келет. Иште Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин өзгөчөлүктөрүн шайлоо системасындагы эгемендүүлүк алган күндөн тартып ишке ашырылган реформалардын этаптарына, жыйынтыктарына изилдө жүргүзүлүптүр жана 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистигинин паспортунун пунктарына (Кыргыз Республикасынын ЖАК Президиумунун 2016-жылдын 27-декабрындагы №235 токтомунун 2-тиркемеси) толук жооп берет. Шайлоо системасындагы конституциялык-укуктун негиздерин өнүктүрүү боюнча изденүүчү тарабынан сунуштар иштелип чыккан. Конституциялык укук жана муниципалдык укук маселелери изилденген.

2. **Диссертациялык изилдөөнүн максаты жана маселелери.**

Диссертациялык изилдөөнүн **максаты** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык негиздерин теориялык жактан карап жана аларды өнүктүрүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлган:**

1. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын түшүнүгүнө талдоо жүргүзүү;
2. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин изилдөө;
3. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо;
4. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын бирдиктүү түзүлүшүнүн жалпы мүнөздөмөсүн аныктоо;
5. Шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизмдерин изилдөө;
6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессинен чыккан көйгөйлөрдү аныктоо;
7. Шайлоо процессин калыптандырууда саясий партиялардын ролу. Саясий партиялардын шайлоо процессинин калыптандыруусуна тийгизген таасирин талдоо;
8. Шайлоо системасынын конституциялык – укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны өркүндөтүү механизимдерин талдоо.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин жана предметинин диссертациянын максатына жана маселелерине шайкештиги**.

Изилдөөнүн **объектиси** болуп Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин жүзөгө ашырууда келип чыккан укуктук мамилелер саналат.

Изилдөөнүн **предмети** болуп Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин так аткарылышына алып келүүчү механизимдер, мамлекет менен жарандын шайлоо системасына байланыштуу укуктары жана милдеттери.

**Изилдөө ыкмаларынын диссертациянын маселелерине шайкештиги.** Изилдөө ыкмалары болуп: таанып билүүнүн илимий ыкмаларынын комплекси түзөт; жалпы ыкмалар – жалпылаштыруу, салыштыруу, байкоо; жалпы илимий ыкмалар – анализ, синтез, логикалык, системалык, функционалдык; жеке илимий ыкмалар – тарыхый анализ, эмпирикалык, социологиялык; атайын-юридикалык ыкмалар – салыштырма укуктук, формалдуу юридикалык.

Изилдөөчүнүн колдонулган методдору коюлган маселелерине жана адистик боюнча изилдөө коюлган талаптар 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук шфирине дал келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Автор диссертациялык иште теманынын актуалдуулугун белгилөөдө укуктук мамлекетти куруунун

негизги максаты катары демократиялуу мамлекетте жарандардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылып берүүдө эң маанилүүсү болуп жарандын шайлоо жана шайлануу укугу болуп эсептелинет деп белгилеген. Жаран жана мамлекет ар дайым тыгыз өз ара байланышта болуп келет, бирок ошол эле учурда жаран канчалык бийик деңгээлдеги укукка ээ болсо да, ошол жоопкерчиликти сезе билүү, жарандык милдеттерин так аткарууга сабаттуулугу болушу тууралуу белгилеп, мисал катары Кыргыз Республикасынын эгемендүү тарыхындагы бир нече мамлекеттик төңкөрүштөр жана жаңжалдар шайлоо системасы менен тыгыз байланышта болгондугуна далидерди келтирип, ошону менен бирге акыркы жылдардагы шайлоочунун шайлоого катышпай жаткандыгы, же болбосо баарына каршы добуш берип жаткандыгы шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринине доо келтирип жаткандыгы тууралуу маселени көтөрүп, көйгөйдү чечүү жолдорун иштеп чыгуу керектиги теманын актуалдуулугун жаратат деп белгилеген.

Конституциялык укук – укуктун тармагы катары мамлекеттик түзүлүштүн негизин бекитет, адам укугунун сакталышын камсыз кылат, мамлекеттик бийлик органдарынын түзүү тартибин жана ишмердүүлүгүн аныктайт, жөнгө салат. Негизги укуктук тармак болгондуктан ал жөнгө салган коомдук мамилелер мамлекеттин эң маанилүү тараптары, жана анын булагы болуп мамлекеттин эң башкы мыйзамы саналат. Мамлекеттин түзүлүшүн, адамдардын жана жарандардын укуктук статусунун негизин, мамлекеттик бийлик системасын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын, бийликтин бутактарга бөлүнүү принципибин жана алардын статустарын, өз ара мамилесин, ыйгарым укуктарын аныктайт, бекитет, жөнгө салат. Конституциялык нормалар коомдогу бардык мамилелердин, түзүлүштөрдүн, сфералардын негиздерин, баштапкы абалдарын аныктап, бекитет ал эми деталдуу түрдө жөнгө салуу вазыйпасын башка укуктун тармактары көтөрөт. Ошондуктан конституциялык укук тармагын укуктар системасынын өзөгү, башаты, булагы катары карашат.

**3. Илимий натыйжалар.** Иште төмөнкүдөй жаңы илимий негизделген теориялык натыйжалар киргизилип, алардын жыйындысы юридикалык илимде, мыйзам иштеп чыгуу эксперттик топтордо, жогорку окуу жайларынын окуу методикалык пособияларын иштеп чыгууда колдонууда, шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин өркүндөтүү илимий жаатындагы иштерде олуттуу мааниге ээ боло алат.

**1-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын камтыган компоненттерди кеңири изилдөөдө анын толук түшүнүгүн ачып берүү үчүн

шайлоо укугу, шайлоо процесси, шайлоо комиссиялардын түзүмү, ошондой эле өлкөдөгү шайлоо системасын жөнгө салуучу мыйзамдарды, негизги принциптерди карап, добуш берүү жана эсептөө эрежелерин, шайлоонун адилеттүүлүгүн жана демократиялуулугун камсыз кылуу механизмдерин талдап Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын кандай түзүлгөнүн аныктады.

**2-натыйжа**. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин ачып берүүдө эгемендүү Кыргыз Республикасында шайлоо системасынын калыптануусун жана өнүгүүсүн негизги этаптар аныктап аны төрт этапка бөлүп изилдеген.

**3-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо бул шайлоо системасынын иштеши негизделген комплекстүү изилдөөсүн караган. Илимий иштин алкгында шайлоо процесстерин баалоо жана талдоо үчүн колдонулган теориялык түшүнүктөр, методологиялык ыкмалар, эки кадам менен аныкталып изилденген. Талдоонун биринчи кадамы болуп шайлоо системасынын артындагы теориялык түшүнүктордү изилдөө. Демократиянын принциптери, пропорционалдык, можаритардык жана аралаш системалар, көп партиялуулук, эркиндик жана шайлоонун адилеттүүлүгү сыяктуу негизги түшүнүктөрдү изилдөөнү камтыйт деп белгилеген. Теориялык негиздерди талдоодо, юридикалык илимдер жана шайлоо системалары боюнча окумуштуулар тарабынан иштелип чыккан тарыхый изилдөөлөрдү, теорияларды жана моделдерди кароону да камтыйт деп белгилеген. Талдоонун экинчикадамы деп, бул шайлоо прөцесстерин методологиялык ыкмаларын изилдеген.

**4-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын бирдиктүү түзүмү конституционализмдин, демократиянын жана укуктук мамлекеттин принциптерине негизделип, Кыргызстандын жарандарына мамлекетти башкарууга катышуу жана эркин, адилеттүү шайлоолордун негизинде мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигин түзүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат деп талдаган.

**5-натыйжа.** Шайлоо процесс Кыргыз Республикасынын Конституциясы, конституциялык Мыйзам, шайлоо системасына тиешелүү мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар менен жонгө салынат деп белгилеген. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесине ылайык шайлоо укук бузуулары юридикалык жоопкерчиликке тартуу үчүн негиз болуп саналат. Бул контекстте шайлоо процессинде мыйзам бузууларды жазалоо үчүн мыйзамдарда каралган механизмдерди карап чыгуу маанилүү деп белиглеп, шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн натыйжалуу

жоопкерчиликке тартуу үчүн шайлоо комиссияларынын, прокуратуранын жана сот системасынын ролун ачып берген. Шайлоо системасынын процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартуунун механизмдерин карап чыгуу, шайлоонун мыйзамдуулугун жана адилеттүүлүгүн камсыз кылууга багытталат жана шайлоо системасы үчүн маанилүү аспект болуп саналат деп негиздеген.

**6-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессиндеги негизги көйгөйлөрдү талдап берген. Парламентти түзүүдө жана өлкөнүн саясий турмушун аныктоодо шайлоо система маанилүү ролду ойнойт, бирок акыркы жылдары шайлоо системасында жүргүзүлгөн реформага карабастан депутаттарын шайлоо өткөрүү процессинде жана анын мыйзамдуулугуна тиешелүү бир катар олуттуу көйгөйлөрдү аныктап берген, бул кылдат талдоого татыктуу. Шайлоочулардын катышуусунун жана ишениминин төмөндөшүн шайлоочулардын шайлоого катышуусунун төмөндүгү алардын шайлоо процессине ишенбестигин, аны менен бирге демократиялык институттарга жана процедураларга болгон сый-урматтын начардыгын чагылдырат да жалпы жонунан саясий системага болгон ишенимдин кризисинин белгиси деп балоого болот деп берген.

**7-натыйжа.** Шайлоо процессин калыптандырууда саясий партиялардын ролу. Саясий партиялардын шайлоо процессинин калыптандыруусуна тийгизген таасирин талдаган. Саясий партиялар шайлоо процессинде негизги ролду ойнойт, саясий атаандаштыктын негизги куралы болуп саналат жана коомдун ар кандай саясий кызыкчылыктарын билдирет. Алардын ролу талапкерлердин тизмелерин түзүүдөн тартып шайлоочуларды мобилизациялоого жана саясий программаларды ишке ашырууга чейинки шайлоо процессинин бардык этаптарына жайылтылат деп аныктап берген.
Саясий партиялар шайлоо системасындагы саясий окүлчүлүктүн негизги уюштуруучулары болуп саналат, алар шайлоого талапкерлердин тизмесин түзүп, алардын идеологиясын, баалуулуктарын жана программаларын чагылдырат да саясий элитанын калыптанышына жана шайлоочулардын альтернативдүү талапкерлерин аныктоого таасир этет деп аныктаган.

**8-натыйжа.** Шайлоо системасынын конституциялык – укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны өркүндөтүү мезанимиздерин талдаган. Шайлоо системасынын конституциялык – укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны өркүндөтүү механизимдерин ачып берүү үчүн топторго бөлүп сунуштарын берген.

**3.1. Алынган жыйынтыктар илимий жаңылыгы менен юридикалык илимдин чегинде мүнөздөлөт**

**1-натыйжа.** Жаңы, автор илимий ишинин алкагында жазылып жарык көргөн макаларында формулировкалап басыка чыгып келгендиги далил болот. Автор тарабынан шайлоо системасынын түшүнүгүн толук кандуу ачып берип жана реформанын негизинде киргизилген шайлоо системасынын өзгөчөлүктөрүн аныктап бере алган.

**2-натыйжа.** Жаңы, Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин ачып берүүдө эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын калыптануусун жана өнүгүүсүн негизги этаптарга бөлүп аныктаган.

**3-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анткени автор Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо эки кадам менен аныктап негиздеп берген.

**4-натыйжа.** Жаңы, себеби Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум откөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамын 3-беренесинде 8-пунктун "натыйжалуулук" принцип деп толуктоо сунуштоосун негиздеп берген, ошондой эле ушул эле мыйзамдын 23-беренесине 14-пункту "Аймактык, участкалык шайлоо комиссиясынын тиешелүү иштин жыйынтыктардын негизинде мүчөлөрүнө сыйлоо" сунушталып, автор тарабынан негизделип берилген.

**5-натыйжа.** Жаңы, себеби шайлоо процессиндеги эң орчундуу көйгөйлөрдүн бири болгон "Добуш сатып алуу" боюнча Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 3-пункту менен толуктоо сунушталып, талдоонун негизинде автор тарабынан негизделип берди.

**6-натыйжа.** Жаңы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессиндеги негизги көйгөйлөрүн талдап берген. Парламентти түзүүдо жана өлкөнүн саясий турмушун аныктоодо шайлоо система маанилүү экендиги жана шайлоо өткөрүү процессинде мыйзамдуулук принцип олуттуу болгону аныкталды. Шайлоочунун шайлоого катышкан санынын төмондөөсүн негиздеп тиешелүү мыйзамга сунуштарды киргизген.

**7-натыйжа.** Жаңы, Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кецешинин депутаттарын шайлоо жөнүндо конституциялык Мыйзамынын 60-беренесинин, 3-пунктуна озгөртүү киргизүү сунушталат "35 жаштан ашпаган талапкерлердин 30 пайыздан кем болбоосун" деп өзгөртүүнү сунуштаган.

**8-Натыйжа.** Кыргыз Ресупубликасынын Конституциясынын 37-беренесин 2-пунктун "Кыргыз Республикасынын жарандары шайлоого,

референдумга катышууга милдетүү" менен толуктоо киргизүүсүн негиздеп берген.

**3.2. Илимий натыйжалардын негиздүүлүгүн негиздөө**

Диссертациялык иште формулировкаланган жыйынтыктар жана корутундулар жетиштүү түрдө негизделген.

**1-натыйжа.** Негиздүү, себеби шайлоо системасындагы жүргүзүлгөн реформаларда изденүүчү БШКнын өкүлү катары активдүү катышуучу жана жеке тажрыйбасын колдонуу менен диссертациялык иштеги негиздерди берүүдө мыйзамдарга жана БШКнын токтомдоруна таянып негиздеген. 2015-жылы шайлоо системасына киргизилген автоматтык эсептөө урналарын ишке киргизүүдөгү кездешкен көйгөйдү чечүү жалгыз БШКнын кызыкчылыгы болуп, ага муниципалдык органдар байланып аткарууга мажбур болушкандыгын белгилеп, ал эми бийлик бутактарынын башка өкүлдөрү шайлоо системасындагы реформага катышы жок болгондугун аныктап бере алган.

**2-натыйжа.** Ишенимдүү, анткени изденүүчү илимий ишинде, илимий макаларында көйгөйлөрдү чечүүдө шайлоо системасын атайын этаптарга бөлүп белгилеп, ар бир этаптарда шайлоо системасындагы орчундуу учурларды көрсөтө алган.

**3-натыйжа.** Ишенимдүү, автор Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо эки кадам менен аныктап негиздеп бере алган.

**4-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамын 3-беренесинде 8-пунктун "натыйжалуулук" принцип деп толуктоо сунуштоосу негизделип ачылып берген соң, ушул эле мыйзамдын 23-беренесине 14-пунктуна киргизген сунушу да негизделип берилген.

**5-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, себеби, шайлоо процессиндеги эң орчундуу көйгөйлөрдүн бири болгон "Добуш сатып алуу" боюнча Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 3-пунктуна киргизүү сунушу талданып негизделип берилген.

**6-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессиндеги негизги көйгөйлөрүн негиздеп берген сунушу актуалдуу. Форма-2 арызына альтернатива – онлайн шайлоо процессин ишке киргизүү жана Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө КРнын конституциялык Мыйзамынына бир мандатту округтан шайланып келген **депутаттын бош**

**мандатын ээлөөдө** кийинки талапкерге берүү тартибин аныктоо боюнча 59-берененин 7-пунктуна сунуштоо киргизүү негизделген.

**7-натыйжа.** Ишенимдүү, изилденүүчү изилдөө ишинде Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын 60-беренесинин, 3-пунктуна өзгөртүү киргизүү сунушталып 35 жаштан ашпаган талапкерлердин 30 пайыздан кем болбоосун киргизип аныктап бере алган.

**8-натыйжа.** Негиздүү, Кыргыз Ресупубликасынын Конституциясынын 37-беренесин 2-пунктун "Кыргыз Республикасынын жарандары шайлоого, референдумга катышууга милдеттүү" сунушун талдап аныктап берген.

**3.3. Диссертациянын теориялык мааниси**

Диссертациялык изилдөө Кыргыз Республикасынын шайлоо системасындагы конституциялык-укуктук негиздерин ишке ашыруудагы көйгөйлөргө арналган илимий изилдөө болуп саналат. Диссертациялык изилдөө иш теориялык материалдарга, мыйзам ченемдерине негизделип эгемендүү шайлоо системасынын шайлоо процесстери анализделип Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын шайлоосунун жыйынтыктарынын сандары салыштырмалуу иретте берилип, анын негизинде шайлоо системасындагы көйгөйлөр тастыкталган.

Изденүүчү изилдөө ишинде Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин жакшыртуу жолдорун негиздөө үчүн изилдөө иштери уюштуруп, коргоого коюлган негизги жоболорун формулировкалаган. Өз убагы келгенде диссерталциялык иштин алкагында жүргүзүлгөн изилдөө иштердин жыйынтыгы: берилген сунуштар, иштеп чыккан анализдин жыйынтыктары шайлоо системасынын конституциялык- укуктук негиздерин ишке ашыруу үчүн конституциялык Мыйзамдарга өзгөртүү киргизүүдө, шайлоо системасына тиешелүү окуу программаларын иштеп чыгууда колдонууга алынып, теориялык маанилүүлүгү жагынан салым кошот деп эсептейбиз.

**3.4. Кандидаттк диссертациянын квалификациялык белгилерине туура келүүсү**

Юридикалык илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунушталган Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын "Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики" (Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери) аттуу темадагы диссертациялык иштин аткарылышы 12.00.02-конституциялык укук; муниципалдык укук адистигине дал келип,

диссертация берүү тартиби жөнүндөгү Жобонун 11-пунктунун талаптарына жооп берет.
Диссертациялык илимий изилдөө иши жеке илимий иш, мазмуну квалификациялык белгилерге ылайык келип, илимий иште изилдөөнүн жакшы жетишкендиги боло алган жыйынтыктар берилди. Илимий иш мамлекеттик тилде берилгендиги илимий жаатгагы жаңы муундун кыргыз тилдүү болуусуна түрткү болот алат.

**4. Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси**

Иште каралган Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин теориялык жагы, 1995-жылдан 2024-жылга чейинки шайлоо процесстеринин анализдери, берилген сунуштар менен жыйынтыктар юридикалык жана саясий жаатындагы илимий иштерде, мыйзам иштеп чыгууда, жогорку окуу жайларда окуу методикалык пособияларын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**5. Авторефераттын диссертациясынын мазмунуна дал келүүсү**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, изилдөөнүн максатына жана маселелерине дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бирдей.

**6. Эскертүү:**

Жалпысынан кандидаттык диссертация боюнча сын-пикирлер жок. Бирок кошумча редакциялоонун зарылдыгын белгилөөгө болот деп эсептейбиз техникалык жана стилистикалык кемчиликтерди жоюу максатында иш алып баруу керек.

**7.Сунуштар:** Н.Абдылдаеванын кандидаттык диссертациясы боюнча дайындалсын:

- **жетектөөчү уюм** катары Кыргызстандын эл аралык университетинин “Юриспруденция жана эл аралык укук” кафедрасын. Дареги: Бишкек ш., 7-апрель көч.4 а;
- **бирнnчн расмий оппонент** – юридика илимдеринин доктору Токтогулов Алмаз Асылбекович. 12.00.02 конституциялык укук, муниципалдык укук боюнча адис.
- **экинчи расмий оппонент** – юридика илимдеринин кандидаты Сатимкулов Убайдулла Акилбекович. 12.00.02 конституциялык укук, муниципалдык укук боюнча адис.

**8. Сунуштар:** Мындан ары бул багыттагы ишти улантып шайлоо системасын жакшыртуу максатында иштелип чыккан сунуштарды Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамына толуктоолорду киргизүүгө сунуштарды берип активдүү иш алып баруусу сунушталат.

**9. Корутунду.** Диссертант тарабынан алынган тыянактар жана натыйжалар баптар менен бөлүмдөрдүн мазмуну бирдиктүүлүк, ырааттуулук менен берилген. Изилдөө иши компетенттүү аныкталып, иштин максаттары жана чечүүчү негизги милдеттеринин өз ара байланыштар, ички биримдиги бар ырааттуулук менен түзүлгөн. Коргоого алынып жаткан натыйжалардын жана жоболордун шайлоо системасында актуалдуу экендиги, автордун ишинде алдын ала берилип, изилдөөнүн негизинде тастыкталып жана илимий макаларында басылып чыккан сунуштар бүгүнкү күндө коомчулукта талкууга алынып, мыйзам ченемдерине өзгөртүүлөрдү киргизүүдө каралып, эске алынууда.

Коргоого алынып жаткан натыйжалардын жана жоболордун жаңылык даражасы - илимий ишите автор шайлоочунун шайлоо системасындагы конституциялык-укуктук негиздерин ишке ашыруусунда 2015-жылга чейинки шайлоонун жыйынтыгын бурмалаган учурларды далилдеп жана андан кийин ийгиликтүү ишке ашкан шайлоо системасындагы реформанын негизиндеги шайлоонунун жыйынтыгын бурмалоолорун мегенизимдерин көрсөтүп, ортодогу айырмачылыктын негизинде көйгөйгөйлөрдү белигеп, аларыдын өзгөрүүсүнө токтолуп жана анын негизинде сунуштарга токтолгонго аракет көргөн. Ошондой эле илимий иште автор Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңештеринин депуттарынын шайлоолорун анализдеп, шайлоочунун шайлоо тизмесиндеги санын, шайлоого келип шайлап кеткен шайлоочунун санын жанан анын ичинен канчасы баарына каршы экендиги тууралу сандык анализ жүргүзүп илимий ишинде чагылдырып, сандардын өзгөрүүсүн далил катары көрсөтүп, бүгүнкү күндө жарандын, анын ичинде шайлоочунун аң сезимине реформа керек экендигине токтолуп анын негизинде сунуштарды бергенге аракет көрүлгөн.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперттик мүчөсү, юридикалык илимдеринин доктору, доцент Джумагулов Айдар Муратович Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д. 12.23.669 диссертациялык кеңешине Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын

12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн “Конституционно-правовые основы избирательной системы Кыргызской Республики” (Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери) темадагы диссертациялык ишин кабыл алууну сунуштайт.

**Эскперттик комиссиясынын мүчөсү:**
**юридика илимдердин доктору,**
**доцент** **Джумагулов А.М.**
“10” 06 2024-ж.,

Кол тамгасын тастыктайм:

Окум. катчы Сагынамбаева В.Т.
10.06.2024

В. Сагынамбаеванын колун тастыктаймын
Кадр бөлүмүнүн башчысы